**Компаньон Банкына юридикалык жак болгон жаңы кардарларды тартуу боюнча “КУРБУЛАРЫҢЫЗДЫ ЧАКЫРЫП – БОНУСТАРДЫ АЛЫҢЫЗ!” акциясы**

| | | |
|---|---|---|
| **1.АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ШАРТТАРЫ** | | |
| **1.1.** | **Акциянын уюштуруучусу** | “Курбуларыңызды чакырып – бонустарды алыңыз” акциясынын уюштуруучусу “Компаньон Банкы” ЖАК (кийинкиде Банк). |
| **1.2.** | **Акцияны өткөрүү мөөнөтү жана этаптары** | Башталуу мөөнөтү: 2026-жылдын 15- марты<br>Аяктоо мөөнөтү: 2027-жылдын 15-марты |
| **1.3.** | **Акциянын түрү** | Акция стимул берүүчү лотерея болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустук принциби (жеңүүчүнү аныктоодо кокустук принцибин колдонуу алгоритми) четке кагылган. |
| **1.4.** | **Акциянын катышуучулар ы** | • Акцияга бардык 18 жашка толгон жана юридикалык жак болгон Кыргыз Республикасынын жарандары жана резидент эмес жактар катыша алат.<br>• Банктын Агенттери юридикалык жактарга арналган Компаньон Бизнес тиркемеси аркылуу катыша алышат.<br>• Банктын кызматкерлери жана кызматкерлердин жакын туугандары Акцияга катыша алышпайт. |
| **1.5.** | **Акцияны өткөрүүнү көзөмөлдөө боюнча комиссия** | Акцияны өткөрүүнү көзөмөлдөө үчүн Банк комиссия түзөт. Ал комиссияга Банктык Башкармалыгынын мүчөсү кирет. |
| **2. ЖАЛПЫ ТЕРМИНОЛОГИЯ, КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО** | | |
| **2.1.** | **Жалпы терминология** | Реферер – Компаньон Бизнес (кийинкиде “МП Компаньон Бизнес”) тиркемесин көчүрүп алып, идентификациядан ийгиликтүү өткөн жана рефералдык шилтеме боюнча МП Компаньон Бизнеске башка колдонуучуларды тарткан юридикалык жак/жеке ишкер.<br><br>Реферал – рефererден алган рефералдык шилтеме боюнча өтүп, МП Компаньон Бизнести көчүрүп, идентификациядан ийгиликтүү өткөн жеке ишкер.<br><br>Рефералдык шилтеме – МП Компаньон Бизнестин ар бир колдонуучусуна арналган өзгөчө илентификатору бар МП Компаньон Бизнести көчүрүүгө болгон шилтеме.<br><br>МП Компаньон Бизнестин жаңы колдонуучусу – акциянын башталуу мөөнөтүнөн кийин МП Компаньон Бизнести жүктөп, акцияны өткөрүү мөөнөтүнүн ичинде ийгиликтүү идентификациядан өткөн колдонуучу. МП Компаньон Бизнеске буга чейин катталып жана тиркемени өчүрүп салган кардарлар Акцияга катышпайт. |

| | | |
|---|---|---|
| 2.2. | **Акцияга катышуунун шарттары** | **2.2.1. “Курбуларыңызды чакырып – бонустарды алыңыз” рефералдык программасы**<br><br>Акцияга катышуу үчүн реферер Акция башталганга чейин же болбосо жүрүү мөөнөтү учурунда онлайн же Банктын офистеринен идентификациядан ийгиликтүү өткөн МП Компаньон Бизнестин колдонуучусу болушу керек.<br>Өз алдынча Компаньон Бизнес тиркемесин жүктөп алып, рефералдык шилтеме боюнча өтүп, толук идентификациядан өткөн Компаньон Бизнес тиркемесинин ар бир жаңы колдонуучусу үчүн реферер 500 сом алат.<br><br>**2.2.2. МП Компаньон Бизнестин жаңы колдонууларынын активдүүлүгү үчүн каралган бонустар**<br>МП Компаньон Бизнестин жаңы колдонуучусуна 20 QR төлөмдү кабыл алуу керек.<br>Жалпы кабыл алынган төлөмдөрдүн суммасы 20 000 сомдон жогору болушу керек.<br>Сыйлык: 500 сом.<br><br>**2.1.3 Катышуу жана сыйлык алуу үчүн эмне кылуу керек?**<br><br>• Реферер рефералга рефералдык шилтемени же болбосо жеке МП Компаньон Бизнестен QR-код жөнөтөт;<br>• Рефералга ал шилтеме боюнча өтүп, МП Компаньон Бизнес тиркемесин жүктөп алуу жана аралыктан идентификацияны өтүү керек;<br>• Рефералдык шилтеме боюнча өткөн жаңы колдонуучу аралыктан идентификацияны өткөндөн соң рефералдык шилтемени жөнөткөн реферер 500 сом өлчөмүндө бонус алат;<br>• Реферал дагы 500 сом өлчөмүндө бонус алышы мүмкүн. Бонус алуу үчүн жалпы суммасы 20 000 сомдон кем эмес 20 QR төлөмдү кабыл алышы керек.<br>• Ишке ашырылган шарттарды текшерүү Банк системасындагы Кардардан кабыл алынган QR транзакциялары боюнча жүргүзүлөт.<br>• Кардар көрсөтүлгөн шарттарды аткарган учурда бонус дароо жана бир гана жолу берилет.<br><br>Рефererге уникалдуу рефералдык шилтеме боюнча МП Компаньон Бизнеске мүмкүн болушунча көбүрөөк жаңы кардарларды тартуу керек. Уникалдуу рефералдык шилтеме МП Компаньон Бизнестин ар бир колдонуучусуну үчүн генерацияланган.<br><br>МП Компаньон Бизнеске жаңы колдонуучуларды тартуу үчүн рефererге МП Компаньон Бизнестин потенциалдуу колдонуучуларына рефералдык шилтемени жөнөтүү керек. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Рефералдык шилтемени мессенджерлер (WhatsApp, Telegram ж.б.), социалдык тармактар (Instagram, Facebook ж.б.) ж.б. жеткиликтүү байланыш каналдары аркылуу жөнөтүүгө мүмкүн.<br><br>Реферер "Курбуларыңызда чакырып – бонустарды алыңыз" рефералдык программа аркылуу чектелбеген сандагы жаңы колдонуучуларды тартып, ар бир үчүн сыйлык ала алат. |
| **2.3.** | **Акциянын катышуучулары** | Бардык юридикалык жактар |
| **2.4.** | **Шарт жана мөөнөт боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү** | Банк расмий сайт аркылуу кардардарды маалымдоо мене Акциянын мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү, анын мөөнөтүн узартып же мөөнөтүнөн эрте жыйынтыктоого укуктуу.<br><br>3 000 000 (үч миллион) сомго тете болгон лимитке жеткенде Акция автоматтык түрдө токтотулат.<br><br>Программага катышуу анын шарттары менен автоматтык түрдө макул болуу дегенди билдирет. |
| **3. АКЦИЯНЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙДОО** | | |
| **3.1** | **Акциянын катышуучуларын сыйлоо** | 3.2.1 Акциянын катышуучулары, рефарерлери жана рефералдары 2.1.3 бөлүмүндө көрсөтүлгөн тартип боюнча сыйлыктарын алышат.<br>3.2.2. Реферер сыйлыгын анын рефералдык шилтемеси боюнча өткөн жана МП Компаньон Бизнестин колдонуучусу болгон ар бир жаңы колдонуучу – реферал үчүн 500 сом сыйлыгын дароо алат. Сыйлык реферал идентификациядан өткөндөн кийин берилет. Эгер реферал идентификациядан Акция учурунда өтпөсө же Акциядан мурда өтсө, анда рефереге сыйлык берилбейт. Реферал идентификациядан өткөн соң сыйлык рефереге дароо МП Компаньон Бизнестин балансына, рефералдык шилтеме жиберилген номерге жиберилет.<br>3.2.3. МП Компаньон Бизнестин жаңы колдонуучуларынын активдүүлүгү үчүн сыйлык Акциянын бардык шарттары аткарылса 15 (он беш) иш күнүнүн ичинде берилет.<br>3.2.4. Сыйлык берилген учурга карата реферер/рефферал МП Компаньон Бизнестин колдонуучусу болушу керек.<br>3.2.5. Эгер реферал МП Компаньон Бизнеске жаңы колдонуучуларды тартса, анда ал реферер болуп саналат жана Акциянын шарттарына ылайык жана 2.1.3 Рефарерлерди сыйлоо бөлүмүнө жараша ар бир чакырып келген жаңы колдонуучу үчүн сыйлык алат. |
| **4. АКЦИЯ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТЫ ЖАЙЫЛТУУ** | | |
| **4.1.** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, жарыялары, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br><br>• Банктын расмий веб-сайты www.kompanion.kg;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий интернет-аккаунттары (Facebook, Instagram); |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Маалыматтык-көңүл ачуу интернет-сайттары жана Банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы интернет-аккаунттары;<br>• Башка бардык маалымат каражаттары.<br><br>**Суроолор боюнча Кардарларды колдоо кызматынын номерлерине кайрылса болот: 0312 33 88 00, 88.00.** |
| **4.2.** | **Акция тууралуу макалалар** | Акцияга катышкан кардарлар алар утушка ээ болгон учурда, Банкка Банктын расмий сайтында, социалдык тармактарда жана Интернеттеги башка булактарда, жалпыга маалымдоо каражаттарында төмөнкү маалыматтарды жарыялоого укук беришет: Кардардын толук аты-жөнү, байгенин орду, суммасы жана/же байгенин түрү, сүрөтү. |